# Жалпы биология жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы

**И.Арабаев атындагы КМУнун Табигый илимдер жана туризм институтунун курамындагы Жалпы биология жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мектептерине биолог мугалимдерин даярдоодогу эң алгачкы кафедра.**

1952-жылы В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институту түзүлгөндө химия жана биология кафедрасы биринчилерден болуп уюшулган. Ошол учурда кафедрага 4 жылдык окуу мөөнөтү менен 25 студент кабыл алынган жана кафедраны биология илимдеринин кандидаты, доцент Г.П.Земляная жетектеген. 1956-жылы 18 бүтүрүүчү «биология жана химия мугалими» адистигин алгачкылардан болуп алышкан. 1957-1958-окуу жылынан баштап студенттерди кабыл алуу 50 студентке чейин жеткен, ал эми окуу мөөнөтү 5 жылдык болуп бекитилген.

Республикадагы мугалимдерге болгон талаптын өсүшүнө жана студенттердин санынын көбөйүшүнө байланыштуу 1968-1969-окуу жылында табигый-илимий факультеттин базасында биология факультети түзүлөт. Факультетти кесипкөй физиолог, биология илимдеринин кандидаты, доцент М.У.Мамбетов жетектеген.

1975-1984-жылдары Москвадагы Д.И.Менделеев атындагы химия-технология институтунун бүтүрүүчүсү, химия илимдеринин кандидаты, доцент Т.Р.Рыскулов жетектеген.

1984-1995-жылдары химия жана биология факультетинин декандык кызматында Кыргыз мамлекеттик университетинин биология адистигинин бүтүрүүчүсү б.и.к, доцент С.Ш.Шамбетов үзүрлүү эмгектенген.

1995-1998-жылдары факультетти химия илимдеринин кандидаты, доцент Ж.А.Асаналиев жетектеген. Ошол учурда химия кошумча «экология» адистигин даярдоо башталган.

1998-2004-жылдары факультетти Ленинграддагы мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүсү, биология илимдеринин кандидаты, университеттин профессору Ч.С.Давлетова жетектеген. 2002-жылга чейин университеттеги өз алдынча факультет, 2002-2003-окуу жылдары Экология жана жаратылышты пайдалануу институтунун курамында болуп, факультетти Москвадагы Сеченов атындагы медициналык институттун бүтүрүүчүсү, биология илимдеринин доктору, профессор Г.Т.Курманбекова жетектеген.

2005-2006-окуу жылынан баштап кайрадан университеттин курамындагы өз алдынча факультет катары бөлүнүп чыгып, ушул мезгилге чейин факультетти Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, педагогика илимдеринин доктору, профессор Чоров Маматкан Жетимишевич жетектейт.

Учурда биология жана химия факультети менен география, экология жана туризм факультеттери оптималдаштыруунун алкагында кошулуп Табигый илимдер жана туризм институту түзүлдү. Институттун курамында 5 кафедра бар. Институттун жетекчиси география илимдеринин доктору, профессор М.М.Дылдаев билим берүүнүн сапатын дагы жакшыртуу, илимий изилдөө иштерин жандандыруу багытында алгылыктуу программаларды түзүп коллективди жетектөөдө.

Жогоруда аталган окумуштуулардын жетекчилиги астында кесипкөй жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди сапаттуу даярдоодо, мындан тышкары студенттердин, магистранттардын жана аспиранттардын илимий иштерин жакшыртуу максатында материалдык–техникалык базаны чыңдоого өзгөчө көңүл бурулган.

Институттун Жалпы биология жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын өнүгүшү кафедра негизделген мезгилден баштап үзөңгүлөш иш алып барууда. Кафедраны б.и.к., доцент Г.П.Земляная, б.и.к., доцент Г.С.Умрихина, б.и.к., профессор М.М.Ботбаева, б.и.к., проф. Ч.С.Давлетова, б.и.д., профессор Г.Т.Курманбековалар жетектеп, үзүрлүү эмгектенишкен. 2019-2020-окуу жылынан баштап Жалпы биология жана аны
окутуунун технологиялары кафедрасын жаш окумуштуу жана педагог, б.и.к., проф.м.а. Г.А.Шаршеналиева жетектеп иш алып барууда.

Факультет көп кырдуу багыттар боюнча иштерди алып барууда, аларга кеңири токтолсок:

Профессордук-окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчү - 78,5%, алардын ичинен 2 илимдин доктору, 8 илимдин кандидаттары, мындан тышкары 4 биологиянын магистрлери иштешет.
Кафедрада 2-3-4-курстун студенттери үчүн педагогикалык практиканын түрлөрү п.и.к., доц.м.а. М.Т.Кырбашованын, ага окутуучулар Ж.А.Андакулова, Н.О.Казаковалардын жетекчилиги астында өткөрүлөт.




4-курстун студенттери менен сабакты талдоо учурунан бир элес Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент М.Т.Кырбашова

Окуу-методикалык иштер боюнча акыркы жылдары кафедра тарабынан жалпы 38 окуу китептери жана окуу-методикалык куралдары кыргыз тилинде басмадан чыгып, окуу процессинде колдонулууда.

Илимий-методикалык иштер боюнча 2 багытта иш алып барат: «Биологиялык объекттерге курчап турган чөйрөнүн жагымсыз шарттарынын тийгизген таасири», «Биологиялык дисциплиналарды окутуунун формаларын жана мазмунун өнүктүрүү».

Кафедрада материалдык-техникалык база чыңдалып, окутуунун заманбап каражаттары менен толукталган. Милдрей – 88В биохимиялык анализатору менен 220 биохимиялык талдоо жүргүзүүгө болот. Ал эми 1000-2000 эсе чоңойтуп көрсөтүү мүмкүнчүлүгү бар Альтами-7 микроскобу менен цитогенетика, цитология, гистология, микробиология, вирусология сабактары өтүлүп, илимий иштерди аткарууда колдонулууда.





Альтами-7 микроскобунда адамдын хромосомдук жыйнагын кариологиялык талдоо учурунан бир элес. Жалпы биология жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы, биология илимдеринин кандидаты, проф. Шаршеналиева Г.А.

Биохимиялык анализатордо заттардын концентрациясын аныктоо учуру. Биология илимдеринин кандидаты, проф. Бейшеналиева

Кесипке багыт берүү багытында жана академиялык мобилдүүлүк боюнча дагы профессордук-окутуучулар курамы алгылыктуу иштерди алып барууда.

Профессор Ч.С.Давлетова Бишкек жана Ош шаарынын мектеп мугалимдерине “Stem предметтерди мектепте окутууну жакшыртуу”, - деген тренингдерди алып барат



Мектеп мугалимдерине жана окуучуларына адисттик боюнча методикалык жардам берүү: Бишкек шаарынын педагогикалык практика өткөн мектептеринин окуучуларына жана мугалимдерине үзгүлтүксүз жардам берилип турат.



Ошентип, Жалпы биология жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын жамааты Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептери үчүн болочок биолог агартуучуларды даярдоодо зор салымын кошуп келет.